| | |
|---|---|
| КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК ТЕХНИКАЛЫК УНИВЕРСИТЕТ | И.Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университети |
| | БИЛИМ САПАТЫН КАМСЫЗ КЫЛУУ СИСТЕМАСЫ |
| | ДП-03-ПП(10) |

**ЖАКТЫРЫЛДЫ**
И.Раззаков атындагы КМТУнун
Окумуштуулар кеңешинин отурумунда
Протокол № 5
«28» 01 2026-ж.

**БЕКИТЕМИН**
И.Раззаков атындагы КМТУнун
ректору
Чыныбаев М.К.

Буйрук № 1/46
«28» 01 2026-ж.

**И. РАЗЗАКОВ АТЫНДАГЫ КМТУнун КАФЕДРАСЫ ЖӨНҮНДӨ ТИПТҮҮ ЖОБО**

**Бишкек, 2026**

## ӨЗГӨРТҮҮ БАРАКЧАСЫ

| **УЧА версиясы нын №** | **Өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилген бөлүмдүн/пункттун № же абзац (бетти көрсөтүү менен)** | **КМТУнун Окумуштуулар кеңешинин № ...... протоколу жана датасы** |
|---|---|---|
| 1 | | Протокол №11<br>11.05.2016-ж. |
| 2 | 3.4-3.6 жана 3.8 пункттар кошулду<br>4.2-4.3 пункттары жаңы редакцияда жазылды | Протокол № 5<br>28.01.2026-ж. |

## 1. Жалпы жоболор

1.1. Жогорку кесиптик билим берүү кафедрасы (мындан ары — кафедра) И. Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университетинин (мындан ары — КМТУ) окуу-методикалык жана илимий түзүмдүк бөлүмү болуп саналат жана окуу, окуу-методикалык, илимий-изилдөө ишмердүүлүгүн, ошондой эле билим алуучулардын арасында тарбиялык жана окуудан тышкаркы иштерди жүргүзөт. Кафедра жогорку кесиптик билими бар адистерди даярдоо, кайра даярдоо жана квалификациясын жогорулатуу программаларын ишке ашырат, ошондой эле бир же бир нече тектеш багыттар жана адистиктер боюнча жогорку квалификациядагы илимий-педагогикалык кадрларды даярдоону жүзөгө ашырат.

1.2. Кафедра профессорлорду, доценттерди, улук окутуучуларды, окутуучуларды, ассистенттерди жана стажёрлорду камтыган педагогикалык курамды, аспиранттарды, докторанттарды, илимий кызматкерлерди, инженердик-техникалык жана окуу-жардамчы персоналды бириктирет. Алар кафедрага бекитилген дисциплиналарды илимий-теориялык, методикалык жана уюштуруучулук жактан жогорку деңгээлде окутууну, ошондой эле илимий-изилдөө жана окуу-методикалык иштерди жүргүзүүнү камсыз кылышат.

1.3. Кафедрага окуу жана илимий-изилдөө лабораториялары, кафедранын даярдоо багыттары боюнча билим берүү жана илимий-изилдөө иштерин жүргүзгөн, ошондой эле башка түзүмдүк бөлүмдөр бекитилет.

## 2. Кафедранын максаттары, милдеттери жана функциялары

2.1. Кафедранын ишмердүүлүгүнүн негизги максаты — жогорку, жогорку окуу жайынан кийинки жана кошумча кесиптик билим берүү аркылуу инсанды интеллектуалдык, маданий жана адеп-ахлактык жактан өнүктүрүүгө болгон муктаждыктарын канааттандыруу болуп саналат.

2.2. Кафедранын негизги милдеттери болуп төмөнкүлөр саналат:

- педагогикалык курамдын окуу-методикалык ишмердүүлүгүн өркүндөтүү;
- билим алуучулардын чыгармачылык потенциалын жана мүмкүнчүлүктөрүн өнүктүрүү максатында окутуу технологияларын өркүндөтүү;
- педагогикалык курам менен билим алуучулардын биргелешкен чыгармачыл ишмердүүлүгү аркылуу фундаменталдык жана колдонмо илимдерди, искусствону өнүктүрүү, ошондой эле алынган натыйжаларды окуу процессинде пайдалануу;
- жогорку билими бар адистерди, ошондой эле жогорку квалификациядагы илимий-педагогикалык кадрларды даярдоо, кайра даярдоо жана квалификациясын жогорулатуу;
- коомдун адеп-ахлактык, маданий жана илимий баалуулуктарын сактоо жана көбөйтүү;
- калк арасында билимди жайылтуу, мамлекеттин интеллектуалдык потенциалын жогорулатуу;
- билим алуучулар арасында тарбиялык иштерди жүргүзүү.

2.3. Функционалдык багытына жараша кафедралар төмөнкүдөй болушу мүмкүн:

- жалпы кесиптик (институттар аралык) — билим алуучулардын жалпы кесиптик даярдыгы боюнча программаларды ишке ашыруучу;
- бүтүрүүчү — билим алуучулардын теориялык, практикалык жана атайын кесиптик даярдыгын жүзөгө ашыруучу, курстук жана бүтүрүү (квалификациялык жана диссертациялык) иштерине (долбоорлоруна) жетекчилик кылуучу, ошондой эле билим алуучулардын практикаларынын бардык түрлөрүн өткөрүүнү уюштуруучу.

2.4. Кафедра төмөнкү негизги функцияларды аткарат:

- жогорку, жогорку окуу жайынан кийинки жана кошумча кесиптик билим берүүнүн кесиптик билим берүү программаларынын долбоорлорун жогорку кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандарттарына (ЖКББ МББС) же КМТУнун билим берүү стандарттарына (КМТУ ББС) ылайык иштеп чыгат жана аларды институттардын/жогорку мектептердин окумуштуулар кеңештеринин жана КМТУнун окумуштуулар кеңешинин кароосуна киргизет;
- белгиленген тартипте бекитилген кесиптик билим берүү программаларын ишке ашырат, тиешелүү ЖКББ МББСнын жана КМТУ ББСнын талаптарынын сакталышы үчүн жоопкерчилик тартат;

- окутуунун бардык формалары боюнча кафедрага бекитилген, окуу пландарында каралган бардык дисциплиналардан лекциялык, практикалык, лабораториялык, семинардык, индивидуалдык сабактарды, билим алуучулардын өз алдынча ишин жана сабактардын башка түрлөрүн илимий-теориялык, методикалык жана уюштуруучулук жактан тиешелүү деңгээлде уюштурат жана өткөрөт;
- практиканын бардык түрлөрүн натыйжалуу өткөрүүнү уюштурат жана камсыз кылат, практикалардын жыйынтыктарын кафедранын жыйынында талкуулайт;
- билим алучуулардын, магистранттардын, аспиранттардын жана докторанттардын (PhD) курстук жана бүтүрүү (квалификациялык жана диссертациялык) иштерине (долбоорлоруна) компетенттүү жетекчилик кылууну камсыз кылат;
- билим алуучулардын билимин учурдагы контролдоону жана аралык аттестациясын белгиленген тартипте уюштурат жана алардын жыйынтыктарын талдайт;
- бүтүрүүчүлөрдүн жыйынтык мамлекеттик аттестациясын белгиленген тартипте уюштурат;
- билим алуучулардын окутуусунун натыйжалуулугун жана сапатын жогорулатуучу окутуу технологияларын өркүндөтүү боюнча илимий-методикалык программаларды пландаштырат жана ишке ашырат;
- билим алуучуларды тартуу менен педагогикалык курамдын илимий ишин пландаштырат жана уюштурат;
- окутулуп жаткан дисциплиналарды методикалык камсыздоону жүзөгө ашырат: окуу китептерин, окуу куралдарын, окуу-методикалык жана башка маалыматтык материалдарды иштеп чыгат;
- окуу, окуу-методикалык, илимий-изилдөө жана илимий-методикалык ишмердүүлүктү жүзөгө ашыруучу окуу жана илимий-изилдөө лабораторияларынын жана башка түзүмдүк бөлүмдөрдүн ишине жетекчилик кылат;
- аспиранттардын, докторанттардын (PhD), улук илимий кызматкерлердин, изденүүчүлөрдүн жана кафедра мүчөлөрүнүн илимий изилдөөлөрүнүн темаларын бекитүү боюнча сунуштарды карайт жана киргизет;
- университет жетекчилигинин тапшырмасы боюнча кафедра мүчөлөрү же башка изденүүчүлөр тарабынан коргоого сунушталган илимий даража алуу үчүн даярдалган диссертацияларды карайт жана алар боюнча корутунду берет;
- кафедранын же башка жогорку кесиптик билим берүү уюмдарынын кызматкерлери тарабынан басып чыгарууга даярдалган окуу китептеринин, окуу куралдарынын кол жазмаларын жана дисциплиналардын окуу программаларынын долбоорлорун карайт жана алар боюнча корутундуларды даярдайт;
- аталган кафедранын бүтүрүүчүлөрү, аспиранттары жана докторанттары менен байланыштарды колдойт;
- университетке кабыл алууну уюштурууга белгиленген тартипте катышат;
- тажрыйбаны изилдөө, жалпылоо жана жайылтуу, окутуунун жаңы инновациялык технологияларын колдонуу, биргелешкен илимий изилдөөлөрдү, конструктордук жана башка иштеп чыгууларды уюштуруу, жогорку билими бар адистердин квалификациясын жогорулатуу, ошондой эле конференцияларды жана башка иш-чараларды өткөрүү максатында башка жогорку кесиптик билим берүү уюмдарынын кафедралары, уюмдар, ишканалар, фирмалар жана мекемелер менен чыгармачыл байланыштарды түзөт;
- окуу-методикалык жана илимий-изилдөө иштерин уюштуруу жана өткөрүү боюнча чет өлкөлөрдүн билим берүү уюмдары менен, ошондой эле кафедранын илимий багыты боюнча чет өлкөлүк илимий-изилдөө уюмдары менен байланыштарды түзөт.

## 3. Кафедраны түзүү жана аны башкаруу

3.1. Кафедралар институттун/жогорку мектептин курамында түзүлүшү мүмкүн же университеттин жетекчисине түздөн-түз баш ийүүсүндө болушу мүмкүн.

3.2. Кафедра КМТУнун окумуштуулар кеңешинин чечиминин негизинде ректордун буйругу менен төмөнкү шарттар болгондо уюштурулат:

- материалдык-техникалык базанын болушу;

- окуу процессин тиешелүү окуу-методикалык жактан камсыз кылуу мүмкүнчүлүгү;
- кафедрага бекитилген дисциплиналарды илимий-теориялык, методикалык жана уюштуруучулук жактан тийиштүү деңгээлде окутууну камсыз кыла турган педагогикалык курамдын болушу (кеминде 5 штаттык окутуучу, алардын ичинен кеминде экөөсү илимий даражага жана илимий наамга ээ болууга тийиш).

3.3. Кафедраларды кайра уюштуруу (бөлүү, бириктирүү, кайра профилдештирүү), ошондой эле кафедраларды жоюу КМТУнун окумуштуулар кеңешинин тиешелүү чечиминин негизинде ректордун буйругу менен жүзөгө ашырылат.

3.4. Кафедранын ишмердүүлүгүнө түздөн-түз жетекчиликти кафедра башчысы жүзөгө ашырат. Кафедра башчысынын кызмат ордуна КМТУнун учурдагы педагогикалык курамынан, анын ичинде чакырылган адистерден төмөнкү талаптарга жооп берген адамдар дайындалышы мүмкүн: тиешелүү квалификациянын болушу; илимий даражасы - илимдин кандидаты/доктору/PhD/DSc/Doktor Hub жана/же илимий наамы - доктор/профессор; илимий-методикалык басылып чыккан эмгектеринин болушу (анын ичинде Scopus, WoS базаларында кеминде 2 илимий эмгек); педагогикалык стажы кеминде 5 жыл болушу. Өндүрүштүк стаждын болушу артыкчылык болуп саналат.

Кафедра башчысын жана педагогикалык курамды дайындоо тартиби И. Раззаков атындагы КМТУнун кадрдык ресурстарды башкаруу жөнүндө жобосу менен жөнгө салынат.

3.5. Төмөнкү кафедралардын башчыларын дайындоодо кошумча талаптар эске алынат:
- чет тилдер кафедрасы — педагогикалык иш стажы кеминде 15 жыл, КР ББМинин грифине ээ болгон кеминде 1 окуу китебинин болушу жана Scopus, WoS базаларында кеминде 2 илимий жарыясы;
- дене тарбия жана спорт кафедрасы — ардактуу наамдардын болушу (эмгек сиңирген машыктыруучу, эмгек сиңирген спорт чебери), педагогикалык стажы кеминде 5 жыл.

3.6. КМТУдагы мониторинг жана баалоо боюнча комиссия кафедра башчылыгына талапкердин берилген документтерин карайт, мурда жетекчи кызматта иштеген мезгилдеги отчетун угат (эгер талапкер кайрадан катышса), маектешүү өткөрөт жана кесиптик ишмердүүлүгүнө байланыштуу суроолорду берет. Кафедра башчысынын ишмердүүлүгүн белгиленген талаптарга шайкештигин баалоонун жыйынтыгы боюнча комиссия 5 жылга же 1 жылга контракт түзүүнү сунуштайт же талапкерди четке кагат. Комиссиянын корутундусунун негизинде ректордун буйругу чыгарылат. Бир эле адамдын кафедра башчылыгын аткаруу мөөнөтү удаалаш 10 жылдан ашпоого тийиш.

3.7. Кафедраларды түзүү жана же кайра түзүү учурунда (бөлүү, бириктирүү, кайра профилдештирүү) кафедра башчысын конкурс аркылуу тандап алуу жүргүзүлгөнгө чейин ректордун буйругу менен кафедра башчысынын милдетин аткаруучу дайындалат.

3.8. Типтүү жобонун негизинде кафедралар өздөрүнүн өзгөчөлүгүн жана профилин эске алуу менен ички жобосун иштеп чыгышат. Ал институттун/жогорку мектептин окумуштуулар кеңешинде каралат, окуу башкармалыгы менен макулдашылат жана академиялык иштер боюнча проректор тарабынан бекитилет.

3.9. Кафедра окуу-тарбия процессинин мазмунун, уюштурулушун жана методикасын чагылдырган документацияга ээ болууга тийиш. Документациянын тизмеси, жүргүзүү тартиби, сактоо жана эсептен чыгаруу эрежелери университеттин иш кагаздарын жүргүзүү боюнча нускамасы жана Уставы менен аныкталат.

## 4. Кафедра башчысынын милдеттери

4.1. Кафедра башчысы:
- КМТУнун түзүмдүк бөлүмдөрүнүн ишине катышат, анда университеттин жана кафедранын ишмердүүлүгүнө байланыштуу маселелер талкууланат жана чечилет;
- жогорку, аспирантура жана үзгүлтүксүз кесиптик билим берүү үчүн кесиптик билим берүү программаларын ишке ашырууда мамлекеттик билим берүү стандарттарынын жана КМТУнун билим берүү стандарттарынын талаптарынын сакталышын камсыз кылууга жоопту;
- кафедранын ишин пландаштырат жана аны кафедра кызматкерлеринин арасында бекитилген функционалдык милдеттерине ылайык бөлүштүрөт;

- окуу жүгүн бөлүштүрөт жана анын өз убагында жана сапаттуу аткарылышын камсыз кылат, ошондой эле кафедрага бекитилген дисциплиналар боюнча студенттердин билиминин сапаты жана деңгээли үчүн жоопттуу;
- кафедранын, лабораториялардын жана кафедранын башка бөлүмдөрүнүн окуу, окуу-методикалык, изилдөө жана илимий-методикалык иш-аракеттерин башкарат;
- окуу процессин, практикалык сабактардын жүрүшүн, студенттер арасында өз алдынча жана тарбиялык иштерди көзөмөлдөйт;
- сабактардын графигинин аткарылышын жана окуу процессинин графигинин сакталышын көзөмөлдөйт;
- билим алуучулардын билимин учурдагы жана аралык баалоону көзөмөлдөөнү уюштурат жана алардын жыйынтыктарын талдайт;
- кафедра мүчөлөрүнүн окуу китептерин, окуу куралдарын жана методикалык колдонмолорду иштеп чыгуудагы, ошондой эле кафедранын ичинде, илимий жана окуу лабораторияларында, изилдөө клубдарында жана башка кафедра бөлүмдөрүндө жүргүзүлүүчү билим алуучулардын чыгармачыл иштерин уюштуруудагы ишин координациялайт жана көзөмөлдөйт;
- илимий жана окутуучулук курамды (аспиранттарды, докторанттарды (PhD) жана изденүүчүлөрдү) окутууну жана окутуучулук курамдын кесиптик өнүгүүсүн жетектейт;
- педгогикалык курамдын жеке иш пландарын бекитет, кафедранын карамагындагы башка документтерди карайт жана бекитет;
- университеттин жетекчилигине кафедра кызматкерлерин жумушка алуу, жумуштан бошотуу жана которуу, аларды моралдык жана материалдык жактан сыйлоо, ошондой эле тартиптик чаралар боюнча сунуштарды киргизет;
- университеттин жетекчилигине кафедранын түзүмүн жана штаттык расписаниесин түзүү боюнча сунуштарды киргизет;
- окуу, окуу-методикалык жана илимий-изилдөө иштери үчүн зарыл шарттарды камсыз кылуу максатында университеттин башка бөлүмдөрү менен биргеликте маселелерди чечет;
- ар бир окуу жылы үчүн кафедранын ишмердүүлүгү боюнча отчетторду даярдайт жана аларды институттун/жогорку мектептин Окумуштуулар кеңешине кароо үчүн берет.

4.2. Кафедра башчысынын жеке иш планы кафедранын жыйынында талкууланат жана институттун/жогорку мектептин директору тарабынан бекитилет.

4.3. Кафедра башчысы өзү жетектеген кафедранын ишмердүүлүгү үчүн жеке жоопкерчилик тартат. Кафедра башчысынын окуу жылы боюнча отчетторунун мөөнөттөрү жана формалары окуу башкармалыгы тарабынан, ал эми жетекчинин кызмат ордунда турган учурда Мониторинг жана баалоо комиссиясы тарабынан белгиленет.

4.4. Кафедранын окуу, методикалык, илимий-изилдөө жана билим берүү иш-аракеттеринин жүрүшүн талкуулоо жана талдоо кафедра башчысынын төрагалыгы астында өткөн кафедранын жыйынында талкууланат. Жыйынга окутуучулардан тышкары төмөнкүлөр катыша алышат: кафедранын окуу жана колдоо кызматкерлери, башка кафедралардын жана университеттердин кызматкерлери, университеттин администрациясынын өкүлдөрү жана талкууланып жаткан маселени чечүүгө кызыкдар башка кызматкерлер.

4.5. Кафедра окуу жана билим берүү процессинин мазмунун, уюштурулушун жана методологиясын чагылдырган документтерге ээ болушу керек. Документацияларды жүргүзүүнүн, сактоонун жана эсептен чыгаруунун тизмеси жана тартиби университеттин кеңсе иши боюнча көрсөтмөлөрү жана Устав менен аныкталат.

МАКУЛДАШЫЛДЫ:

УИБ башчысы A. Ж.Исраилов